Бекитемин

Мектеп директору: А.Н.Акылтаева

"19" 09 2021

# МЕКТЕПКЕ КАБЫЛ АЛУУ ЖӨНҮНДӨ

**Урматтуу келечектеги биринчи класстардын ата-энелери ( мыйзамдуу өкүлдөрү)**

2022-жылдын 11-апрелинен 27-июнга чейин мектепке бекитилген аймактарда жашаган балдарды кабыл алуу башталат. Мектепкее бекитилбеген территорияда жашаган балдар үчүн биринчи класска арыздарды кабыл алуу 2022-жылдын 11-апрелинен 27 –июнга чейин жүргүзүлөт.

"Мектепке электрондук жазылуу" проектиси бул мектеп жашына жеткен (6-7жаш) балдардын Кыргызстандын мамлекеттик жана муниципиалдык жалпы билим берүүчү уюмдарына биринчи класска жазылуу процессин автоматташтырууну камсыз кылуучу маалыматтык система.

"Мектепке электрондук жазылуу" системасын ишке ашыруу 6-7 жаштагы мектеп жашына жеткен баласын биринчи класска киргизүү үчүн mektep.edu.gov.kg Бирдиктүү электрондук реестринде каттого КР ар бир жаран жаранына мүмкүнчүлүк берет. "Мектепте электрондук жазылуу " автоматташтырылган маалыматтык ситемасында баланын, арыз берүүчүнүн/ мыйзамдуу өкүлүнүн, КРнын жаранын жана чет жердик жарандын жеке маалыматтары иштетилет:

1. Аты-жөнү (баланын жана арыз берүүчүнүн)
2. Баланын жынысы;
3. Баланын туулган күнү, айы, жылы
4. Арыз берүүчүнүн /мыйзамдуу өкүлүнүн байланыш телефондору;
5. Жашаган жеринен алынган маалымдамага туура келген жашаган жеринин адреси;
6. Арыз берүүчүнүн /мыйзамдуу өкүлүнүн электрондук адреси

Мектепке бекитилген территорияда жашабаган балдар үчүн 1-класка кабыл алуу бош орун болгондо гана жүргүзүлөт

Мектепке бекитилген кичи аймагы:

Ш.Канкожоев көчөсү- 1-100 Байбакир көчөсү-

А.Шерипбаев көчөсү- Берекебай көчөсү-

Урматтуу ата-энелер, көрсөтүлгөн даректерде жашаган мектеп жашына чейинки куракдагы балдардын тизмесин тактоо максатында, балаңыз тууралуу маалыматты үй комитеттин башчысына берүүңүздү суранабыз.Мектеп жашына чейинки куракдагы балдардын ата-энелеринин мектептин кичи аймагында жашагандыгы документтик түрдө аныкталат.

1-класска кабыл алуу үчүн керектүү документтердин тизмеси:

1. Баланын туулгандыгы тууралуу күбөлүктүн оригиналы жана көчүрмөсү,
2. Баланын жашаган жеринде катталгандыгы жөнүндө маалым кат;
3. Ата-эненин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн )паспортунун оригиналы жана көчүрмөсү.

4. Мектепке кабыл алуу жөнүндө ата-энесинин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) арызы
5. Баланын медициналык картасы-№026 формасы
6. Баланын эмдөө картасы-№063 формасы
7. 3*4 өлчөмүндөгү баланын сүрөтү -2 даана
8. Окуучунун өздүк делосу (А5 форматы)

## МЕКТЕПТИН ФОРМАСЫ

### Окуучунун сырткы көрүнүшү

Окуучулардын сырткы көрүнүшүнө негизги талаптар

- Тазалык,тыкандык
- Баардыгы үчүнн кийимдин негизги стандарты: ишкердик стиль
- Сырткы көрүнүш коомдо кабыл алынган ишкердик стилдин нормаларына туура келиши керек жана туура эмес деталдарды камтыбаш керек.ю
- Кыздардын чачтары өрүлгөн, ал эми орто узундуктагы чачтары чач байлагыч менен жыйналган болуу керек.
- Балдар жана өспүрүмдөр убагында чачтарын тегиздетип туруулары керек (классикалык чач тегиздөө)

**1-класстан 11-класска чейинки мектептик форманын толук сыпатталышы**

**Балдар жана өспүрүмдөр үчүн**: кара костюм жана классикалык үлгүдөгү шым, бир тондуу ак көйнөк;

**Кыздар үчүн** : кара пиджак, тизеден 5 смден өйдө болбогон классикалык үлгүдөгү юбка же классикалык стилдеги шым, бир тондуу ак блузка

**Спорттук форма**: бардык окуучулар дене тарбия сабагы үчүн спорттук форманы жана спорттук бут кийимди кийүүлөрү керек.

Болбойт дене тарбия сабагына мектептик формада,джинсы жана спорттук эмес бут кийим менен катышууга.

Окуу учурунда төмөнкү кийимдердин жана бут кийимдердин варианттарын кийүүгө уруксаат эмес:

- Терең көңүлдү бурдура турган көзгө комсоо адаттан тышкары бөлүктөр, жылтырак жиптер, ошондой эле өтө ачык өңдөр кийимди жана бут кийимдер болбошу керек;
- Ар кандай өңдөгү джинсы;
- Өтө денеге чапталган, фигураны көрсөткөн юбка, шым жана лосиналар;
- Далыны жана курсакты көрсөткөн өтө кыска блузкалар;
- Мини-юбкалар;
- Өтө жука юбка менен блузкалар, ошондой эле жука курактагы ар кийимдер; Ар кандай пулеверлер жана токулган кофталар;
- Спорттук кийим (спорттук костюм жана анын бөлүктөрү) , спорттук бут кийим;
- Активдүү эс алуу үчүн кийимдер(кыска шым, майка, футболка ж.б.у.с)

Уруксаат эмес: адаттан тышкары чач тегиздетүүлөр, чачтарды ачык , табигый эмес өңдөргө боё.

Бекитемин

Мектеп директору: А.Н Акылтаева

# МЕКТЕПКЕ КАБЫЛ АЛУУ ТАРТИБИ

Урматтуу келечектеги биринчи класстардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү)!

1-класска кабыл алуу үчүн керектүү документтердин тизмеси:

1. Баланын туулгандыгы тууралуу күбөлүктүн оригиналы же көчүрмөсү;
2. Баланын жашаган жеринде катталгандыгы жөнүндө маалымкат;
3. Ата-эненин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) паспортунун оригиналы же көчүрмөсү;
4. Мектепке кабыл алуу жонүндө (мыйзамдуу өкүлдүн) арызы;
5. Баланын медициналык картасы-№026 формасы;
6. Баланын эмдөө картасы-№063 формасы
7. 3*4 өлчөмүндөгү баланын сүрөтү-2даана
8. Окуучунун өздүк делосу (А 5формасы)